**КЫРГЫЗ АЙЫЛ ЧАРБА, ИЛИМ ЖАНА ЭКОЛОГИЯ ЖУРНАЛИСТТЕРИНИН АССОЦИАЦИЯСЫ**
**КЫРГЫЗСКАЯ АССОЦИАЦИЯ ЖУРНАЛИСТОВ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА, НАУКИ И ЭКОЛОГИИ**
**KYRGYZ AGRICULTURAL, SCIENCE, AND ENVIRONMENTAL JOURNALISTS ASSOCIATION**

**Турусбеков көчөсү 109/3, 504-кеңсе, 720001, Бишкек, Кыргыз республикасы**

**Ул.Турусбекова 109/3, офис 504, 720001, Бишкек, Кыргызская Республика**

**109/3 Turusbekov St, office 504, 720001, Bishkek, Kyrgyz Republic**

**kaieja.info@gmail.com; kaieja.president@gmail.com**
**www.kaieja.kg**
**+996 555448977, +996550520115, +996701555355**

# КАИЭЖАнын 2025-жыл үчүн отчету

Кыргыз айыл чарба, илим жана экология журналисттеринин ассоциациясы - КАИЭЖА уюштуруу жыйынына 2025-жылдын 19-мартында чогулуп, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин каттосунан 2025-жылдын 27-мартында өттү.

Бул жылдын 17-апрелинен тарта ассоциациянын расмий интернет баракчасын ( https://kaieja.kg/) ишке киргизди.

Ассоциациянын курамы 31.12.2025-жылга карата 10 анык мүчө жана 4 кызматташ мүчөдөн турду. 2025-жыл ичи ассоциация уюштуруу жыйынынан тышкары Башкармалыктын бир олтурумуна да чогулду.

Расмий каттоодон өткөн күнүнөн тарта ассоциация өз Уставында каралган максат-милдеттерди аткаруу аракетинде.

## 1. КАИЭЖАнын жана мүчөлөрүнүн контент жаратуусу

КАИЭЖА эң биринчи кезекте журналисттик уюм болгондуктан анын мүчөлөрүнүн журналистиканын ассоциация карманган багыттары боюнча мазмун же контент жаратуусу иш багытынын негизин түзөт.

Контент жаратуу ишин ассоциациянын ар бир анык мүчөсү - журналист, эркин журналист, коомчулук менен байланыш же коммуникация адиси катары өзүнүн кызмат ордунда аткарат.

Ассоциациянын атынан орток контентти жарыялоо жана коомчулук менен байланыш орнотуу үчүн Facebook социалдык түйүнүндө 2025-жылы КАИЭЖАнын эки баракчасы ачылды:

https://www.facebook.com/profile.php?id=61574524424804

https://www.facebook.com/profile.php?id=61574952747524

## 1.1. Айыл чарба журналистикасы багыты

КАИЭЖАнын Facebook социалдык түйүнүндөгү баракчаларында 2025-жылы Кыргыз Республикасынын айыл чарба өндүрүшүн жана анын көрсөткүчтөрүн камтыган материалдар Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин расмий маалыматтарына таянуу жана аларды бөлүшүү жолу менен жайылтылды.

Ошондой эле негизги азык-түлүк товарларынын эл аралык баасы боюнча индекстин анализи БУУнун Азык-түлүк уюму - FAOнун маалыматынын негизинде ай сайын жазылып турду.

Мындан сырткары дүйнөлүк айыл чарбанын, Евразия экономикалык биримдигине (ЕАЭБ) мүчө өлкөлөрдүн, Борбор Азия өлкөлөрүнүн айыл чарбасы жана алардын көрсөткүчтөрү, айыл чарба продукцияларынын керектелүү потенциалы боюнча маалыматтуу жана кыска анализ форматында жарыяланган материалдардын тексттик көлөмү **16 миң сөздү** жана **112 миң белгини** түздү.

КАИЭЖАнын анык мүчөсү, “Ош жаңырыгы” гезитинин (https://oshinfo.kg/) башкы редактору **Асанбек Каракозуев** гезитте жана анын интернет баракчасында Ош облусунун айыл өкмөттөрүндөгү айыл чарба тармагынын учурдагы абалы, жетишкендиктери жана дыйкан чарбаларынын тажрыйбалары, жерди пайдалануунун өзгөчөлүктөрү, суу ресурстарын башкаруу маселелери боюнча жарыяланган ондогон репортаждык жана аналитикалык материалдардын мазмундук сапатын жогорулатуу максатында редакторлук көзөмөл ишин жүргүздү.

Ал эми жеке автор катары айыл чарба темасында азык-түлүк коопсуздугу жана баалардын өзгөрүшү боюнча “Эт менен картошка эмне болуп кымбаттады?” (https://oshinfo.kg/44-et-menen-kartoshka-emne-bolup-kymbattady.html) аталышындагы аналитикалык макаласында баа түзүмүнүн экономикалык жана өндүрүштүк факторлорун иликтеди.

“Лимон өстүргөн окумуштуу” аталышындагы макаласында болсо (https://oshinfo.kg/1517-limon-strgn-okumushtuu.html) агрардык инновация, илим менен практиканын айкалышын жергиликтүү тажрыйбанын мисалында баяндады.

КАИЭЖАнын анык **мүчөсү Майраш Базлакунова** “Майраш Базлакунова - official” YouTube каналында айыл чарба өндүрүшүнүн ардагери, мал чарба тармагынын

белгилүү чебери, Кыргыз Республикасынын Баатыры Таштанбек Акматов менен убактысы 55 минуттук интервью чыгарды.

https://www.youtube.com/watch?v=Of2di2WUkeI&t=16s

КАИЭЖАнын анык мүчөсү, Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү ассоциациясынын коммуникациялар жана корпоративдик байланыштар боюнча адиси **Батма Искандарова** 10го жакын пресс-релиздерди даярдап, ММКларда жарыялады.

Ал материалдарда айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн актуалдуу маселелери, агрардык саясаттагы өзгөрүүлөр жана сектордун өнүгүү багыттары чагылдырылган.

## 1. 2. Илимий журналистика багыты

Кыргыз журналистикасында 2025-жылы пайда болгон жаңы багыт – илимий журналистиканы колдоо жана өнүктүрүү да КАИЭЖАнын башкы максаттарынын бири.

КАИЭЖАнын негиздөөчү жети мүчөсүнүн бири **Улан Эшматов** 2025-жылы "Илимий журналистиканы, коммуникацияны жана жарандык илимди өнүктүрүүнүн Эл Илим" коомдук фондун жана бул фонддун "Эл Илим" журналын ( https://elilimjournal.kg/ ) негизделген.

"Эл Илим"- кыргыз тилиндеги алгачкы илимий - элдик (популярдуу) санарип журнал жана ал коомчулукка 2025-жылдын 27-августунан тарта сунуш кылынды.

КАИЭЖАнын негиздөөчү мүчөсү **Заирбек Бактыбаев** да 2025-жылы Эл Илим коомдук фонду менен кызматташты.

2025-жыл ичи КАИЭЖАнын негиздөөчү мүчөлөрү Улан Эшматов жана Заирбек Бактыбаев "Эл Илим" санарип журналында глобалдык илим менен технологиядагы изилдөөлөрдүн соңку багыттары боюнча англис тилиндеги булактардан автордук укуктун бардык эреже-талаптарын сактоо менен которуу жана алардагы маалыматтардын негизинде жазуу жолу менен **61 000 сөз** же **450 000 белги** көлөмүндөгү текстти кыргыз тилинде жарыялашты.

Ал эми жергиликтүү илимпоз авторлор тарабынан табигый илимдин жана технологиянын ар кыл багыттары боюнча жазылып, Улан Эшматовдун жана Заирбек Бактыбаевдин журналисттик редакторлугу астында жарыяланган илимий-элдик (популярдуу) макалалардын тексттик көлөмү **15 миң сөз** же **100 000 белги** болду.

**Улан Эшматов** "Эл Илим" журналында өз авторлугу менен тексттик көлөмү **3000 сөздү** же **22 000 белгини** түзгөн макалаларды жарыялады.

КАИЭЖА мүчөлөрүнүн “Эл Илим” журналындагы иши кыргыз тилин туура түшүнүп, туура колдонушу үчүн ЖИнин (AI) системаларына керектүү маалыматты жана контекстти камсыз кылууга, жасалма интеллект доорунда кыргыз тилинин ресурстук базасын түзүүгө, кыргыз тилин санарип мейкиндикте илим жана технология контекстинде өнүктүрүүгө салым кошот.

Ассоциация кыргыз илимий журналистикасын түптөп, илимий-элдик (популярдуу) контентти жаратуу аркылуу кыргыз тилиндеги илимий маалымат базасын да кеңейтүүдө.

Бул - билим берүү, илимди популяризациялоо жана маалыматтык-санариптик мейкиндикте улуттук тилди сактоо жана өнүктүрүү боюнча маанилүү институционалдык кадам.

## 1. 3. Экологиялык журналистика багыты

КАИЭЖАнын анык мүчөсү, PROclimate.kg (https://proclimate.kg/) маалымат порталынын кош негиздөөчүсү **Анархан Алтымышова** бул порталдагы журналисттик ишмердигинен тышкары FAO жана GEF уюмдарынын Биологиялык коопсуздук боюнча Картахен протоколуна ылайык Кыргыз Республикасынын биологиялык коопсуздук боюнча улуттук механизмин ишке ашыруу долбоорунун, ошондой эле BIO-KG органикалык кыймыл федерациясынын коомчулук менен байланыш адиси катары иш алып барды.

Анархан Алтымышова 2025-жылы Генетикалык жактан модификацияланган организмдерди (ГМО) коопсуз пайдаланууну жөнгө салган эл аралык негизги документ- Картахен протоколунун биоартүрдүүлүктү, адамдын саламаттыгын жана айлана-чөйрөнү коргоодогу ролу, протоколдун Кыргызстанда аткарылышы тууралуу текст жана видеоролик түрүндө даярдалган маалымат материалдарды PROclimate.kg порталында (https://proclimate.kg/ru/2026/01/30/rasshiryayutsya-vozmozhnosti-laboratornogo-monitoringa-gmo-v-kyrgyzstane/), Картахен протоколунун башкы веб порталы - BCH платформасында (https://bch.cbd.int/) кыргыз, орус, англис тилдеринде жарыялады.

Мындан сырткары Анархан Алтымышова PROclimate.kg порталында вертикалдык жашылдандыруу темасына (https://proclimate.kg/2025/06/23/vertikaldyk-zhashyldandyruu-zhashyl-shaar-turuktuu-klimat/) кайрылып, Кыргыз Республикасында жер иштетүүнүн органикалык ыкмаларын, табигый органикалык азыктарды өстүрүү практикасын көргөзгөн постторду Facebook социалдык түйүнүндө жарыялап, видео материалдарды даярдады.

КАИЭЖАнын анык мүчөсү, “Ош жаңырыгы” гезитинин (https://oshinfo.kg/) башкы редактору **Асанбек Каракозуев** “Казарман сапары...” аттуу жол баян материалында аймактын экологиялык абалы, жаратылыш ресурстарын пайдалануу маселелери жана жергиликтүү калктын айлана-чөйрөгө болгон мамилесин чагылдырды. Мындай

материалдар экологиялык аң-сезимди калыптандырууга жана коомдук талкууну активдештирүүгө багытталды.

КАИЭЖАнын анык мүчөсү **Майраш Базлакунова** өзүнүн “Майраш Базлакунова - official” YouTube каналында жалпы убактысы 1 саат 5 минуттук интервьюларды чыгарды.

КАИЭЖАнын Facebook социалдык түйүнүндөгү баракчалары аркылуу 2025-жылы ичи Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин айрым маалыматтык материалдары да коомчулукка жайылтылып келди.

## 2. Мамлекеттик мекемелер жана коомчулук менен байланыш

### 2.1. Айыл чарба журналистика багыты

КАИЭЖА ассоциациясы түзүлгөнү тууралуу расмий маалымат ал каттоодон өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын журналисттер коомчулугуна электрондук кат форматында таратылган.

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин басма сөз кызматы да КАИЭЖА түзүлгөнү тууралуу кабардар кылынган.

Кеңири коомчулукка ассоциация, анын расмий интернет сайты жана жаңылыктары тууралуу Facebook социалдык түйүнүндөгү баракчалары аркылуу да маалымдалып турду.

Айыл чарба өндүрүшүнүн айрым тармактык ассоциациялары менен байланыш орнотулду.

Мындай байланыш КАИЭЖА үчүн журналисттик контент даярдоо учурунда айыл чарба өндүрүшүнүн тармактык ассоциацияларынан эксперттик кеңеш алуу үчүн да маанилүү.

КАИЭЖАнын уставынын жоболоруна ылайык, “Бай багбан” ассоциациясынын төрагасы, агроишкер жана илимпоз **Манас Саматов**, Канаттуу багуучулар ассоциациясынын төрайымы, агроишкер **Нургүл Малабаева** КАИЭЖАнын кызматташ мүчөлүгүнө өтүштү.

Манас Саматов кызматташ мүчө катары КАИЭЖАнын дүйнөлүк айыл чарба, Евразия экономикалык биримдигине (ЕАЭБ) мүчө өлкөлөрдүн жана Борбор Азия өлкөлөрүнүн айыл чарбасы, алардын көрсөткүчтөрү, айыл чарба продукцияларынын керектелүү потенциалы, азык-түлүк товарларынын эл аралык баа индекси боюнча маалыматтуу жана кыска анализ форматында жазылган материалдарын Facebook социалдык

түйүнүндө фермерлердин жана тармакка тиешелүү башка тайпаларда жайылтылуусуна олуттуу салым кошту.

КАИЭЖАнын башкармалык төрагасы-президенти Улан Эшматов, башкы катчысы Заирбек Бактыбаев, башкармалык мүчөсү Эмилбек Момунов “Ак куу” канаттуулар фабрикасынын, Улан Эшматов «Дордой – Балыкчы» эт комбинатынын, Кочкор районунун фермерлеринин иши менен жеринде таанышты.

КАИЭЖАнын башкармалык төрагасы-президенти Улан Эшматов Кыргыз республикасынын Агроөнөржай комплексин өнүктүрүү ассоциациясынын аткаруучу директору Рустам Балтабаев менен да жолугуп, эки тараптуу кызматташтык маселелерин талкуулаган.

КАИЭЖАнын анык мүчөсү, Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү ассоциациясынын коммуникациялар жана корпоративдик байланыштар боюнча адиси **Батма Искандарова** АПК ассоциациясынын жаңылыктарын коомчулукка жарыяап туруу менен катар салык мыйзамдарындагы өзгөрүүлөргө байланыштуу түшүндүрмө мүнөздөгү материалдарды даярдап, ишкерлер жана фермерлер үчүн маалыматтык жеткиликтүүлүктү камсыз кылды.

Ал маалыматтык материалдар аркылуу айыл чарба тармагындагы мамлекеттик саясат менен бизнес чөйрөнүн ортосундагы коммуникацияны күчөтүүгө салым кошту.

Батма Искандарова ошондой эле Бишкек шаарында өткөн AgroTechExpo көргөзмөсүн уюштурууга жана өткөрүүгө активдүү катышты. Көргөзмө Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги менен биргеликте уюштурулган.

## 2.2. Илимий журналистика багыты

Кыргыз айыл чарба, илим жана экология журналисттеринин ассоциациясы-КАИЭЖА түзүлгөнү тууралуу маалымат Кыргыз Республикасынын илимий коомчулугунун өкүлдөрүнө да берилген.

Кыргыз илимий журналистикасын түптөө, өнүктүрүү жана контент жаратуу ишинде эксперттик колдоо алуу үчүн жана КАИЭЖАнын уставына ылайык, илимий коомчулуктун өкүлдөрүнө да ассоциацияга кызматташ мүчө болуу сунушталган.

## 2.3. Экологиялык журналистика багыты

КАИЭЖА уюшулганы тууралуу маалымат Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин басма сөз борборуна да берилди.

КАИЭЖАнын башкармалык төрагасы-президенти **Улан Эшматов** жана башкармалык мүчөсү **Гүлжан Каражанова** аталган министрликтин аккредитациясы менен 2025-жылдын 24-апрелинде “Туруктуу өнүгүү үчүн глобалдык тоо диалогу: Бишкек+25 саммитине карай” эл аралык конференциясынын катышуучусу болушту.

КАИЭЖАнын башкармалык мүчөсү **Эмилбек Момунов** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ысык-Көл аймактык башкармалыгы, Чолпон-Ата шаарынын мэриясы жана “Ысык-Көлдү сактоо” коомдук фонду биргелешип уюштурган эко мониторниг иш -чарасына катышты.

Бул иш-чара Кыргыз Республикасынын Президентинин “Ысык-Көлдүн экологиясын сактоо боюнча кечиктирилгис чаралар” жөнүндө Жарлыгынын талаптары кандайча аткарылып жатканын текшерүү максатын көздөгөн.

Эмилбек Момунов ошондой эле NABU Кыргызстан - “Германиянын табиятты коргоо союзу (NABU)” коомдук уюмунун Кыргыз Республикасындагы филиалынын Ыраазычылык каты менен да сыйланды.

2025-жылы “Германиянын табиятты коргоо союзу (NABU)” уюмунун Кыргыз Республикасындагы филиалы менен КАИЭЖАнын анык мүчөсү **Асанбек Каракозуев** да кызматташты.

Ал башкы редакторлук кылган “Ош жаңырыгы” гезитинде, анын интернет сайтында, социалдык тармактардагы баракчаларында аталган уюм тарабынан жаратылышты коргоо, биокөптүрдүүлүктү сактоо жана экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу багытында жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар тууралуу маалыматтар үзгүлтүксүз чагылдырылып турду. Бул кызматташуу экологиялык журналистиканын сапатын жогорулатууга салым кошту.

Асанбек Каракозуев мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынын Ош регионалдык башкармалыгы, ошондой эле аталган министрликтин Ош регионалдык башкармалыгынын өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жана биокөтүрдүүлүк бөлүмдөрү менен кесиптик байланышта болду.

Ал 2025-жылы Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынын Ардак грамотасы менен сыйланды.

Асанбек Каракозуев 2025-жылдын 29–31-май күндөрү Казакстандын Астана жана Алматы шаарларында өткөн “Борбор Азия – Кытай – 2025” эл аралык медиа форумуна катышты.

## 3. Эл аралык байланыш

КАИЭЖАнын журналисттик уюмдардын эл аралык жана чет өлкөлүк бирикемелери менен туруктуу кесиптик кызматташтык жана байланыш орнотуусу - ассоциациянын уставында каралган иш мерчеми.

## 3.1. Айыл чарба журналистикасы багыты

КАИЭЖАнын башкармалыгынын 2025-жылдын 29-апрелдеги чечимине ылайык, башкармалык төрагасы Улан Эшматов ассоциациянын Айыл чарба журналисттеринин Эл аралык федерациясынын (IFAJ) мүчөлүгүнө өтүү үчүн арызын 2025-жылдын 7-июнунда жөнөттү.

КАИЭЖАнын арызы адегенде федерациянын Мүчөлүк иштер боюнча комитетинде каралды.

Андан соң IFAJнын Кениянын борбору Найроби шаарындагы дүйнөлүк конгресси учурунда, 2025-жылдын 15-октябрында алгач федерациянын Аткаруу комитетинде, андан соң делегаттар жыйынында жактырылып, **КАИЭЖА IFAJнын 63-мүчөсү** болуп, кабыл алынды.

Найроби шаарындагы конгресске КАИЭЖАнын атынан ассоциациянын башкармалык төрагасы-президенти **Улан Эшматов**, кызматташ мүчө **Нүргүл Малабаева** катышты.

Улан Эшматов КАИЭЖАнын атынан IFAJ конгрессинин делегаттар жыйынында сөз сүйлөдү.

Улан Эшматов 2025-жылга чейин IFAJнын 2022-жылы Данияда, 2023-жылы Канадада, 2024-жылы Швейцарияда өткөн дүйнөлүк конгресстерине эркин журналист иретинде катышкан.

2025-жыл ичи IFAJнын англис, француз, испан жана жапон тилинде таратылуучу жаңылыктар бюллетенине КАИЭЖА тууралуу маалымат эки ирет чыкты.

https://www.ifaj.org/article/kaieja-was-officially-registered/

ifaj WHO WE ARE NEWS EVENTS MEMBERSHIP OUR PROGRAMS CONTESTS & AWARDS CONTACT

The association's inaugural founding meeting was held on March 19, 2025, and its registration certificate was officially issued by the Ministry of Justice of the Kyrgyz Republic on March 27, 2025. KAIEJA was founded by a team of seven experienced journalists, including its initiator Ulan Eshmatov, along with Taalaygul Chabdarova, Emilbek Momunov,

Mayrash Bazlakunova, Shaiyrbek Mukaramov, Zaiyrbek Baktybaev, and Gulzhan Karazhanova. KAIEJA believes its history will grow richer with time, welcoming new members who share the association's values, goals, and long-term vision. The association is also committed to building its history through collaboration with both local and international partners. One of KAIEJA's key objectives for 2025 is to join The International Federation of Agricultural Journalists (IFAJ), an organization with nearly 70 years of history. Ulan Eshmatov, a founding member, has participated as a freelance journalist at the International Federation of Agricultural Journalists (IFAJ) World Congresses, attending events in Denmark (2022), Canada (2023), and Switzerland (2024). In 2024, he also attended the 26th IUFRO World Congress in Stockholm—held under the theme Forests and Society Towards 2050—as a solo journalist representing the Central Asian region. Looking ahead, KAIEJA aims to develop a strategic roadmap for 2026-2030 to guide its long-term growth and amplify its impact.

"We congratulate the Kyrgyz Agricultural, Science, and Environmental Journalists Association on their registration as the first guild in Central Asia. Ulan's involvement in the IFAJ/Corteva Master Class and subsequent Congresses is a tribute to his dedication. We are excited to work with him and the rest of the KAIEJA board to welcome them into IFAJ and connect them and their members to the global ag journalism community," said Steve Werblow, president of IFAJ.



*The inaugural founding meeting of Kyrgyz Agricultural, Science, and Enviromental journalists association. Bishkek, March 19, 2025.*

Ошондой эле КАИЭЖАнын башкармалык төрагасы-президенти Улан Эшматовдун макаласы IFAJнын Найроби шаарындагы конгрессинин маалымат бюллетенинде да жарыяланды.





# Learning and sharing through agricultural journalism: Kyrgyzstan's KAIEJA joins the global community

**By Ulan Eshmatov**
**kaieja.president@gmail.com**

I am Ulan Eshmatov, the Founding

Agricultural science is a major part of our coverage. EL ILIM strives to make scientific knowledge accessible, engaging and relevant to a wide audience — fostering a culture of

The plenary sessions and field tours will provide valuable opportunity for me to observe how Kenya and the broader East African region are addressing agricultural challenges in the context of climate change and population growth - and how science and technology are shaping these solutions. As a journalist and as a representative of KAIEJA, I am eager to share stories of agricultural innovation and production practices from this region with our audiences back home.
Reporting on global agricultural trends is one of KAIEJA's key missions, a commitment we have upheld since our inception.
Today, drought and water scarcity represent the most pressing agricultural challenges for Kyrgyzstan and the entire Central Asian region. Governments and dedicated farmers are working tirelessly to maintain food security by adopting new technologies, particularly in the vital irrigation sector, to meet the demands of modern agriculture.

Through platforms like IFAJ and MESHA, we continue to strengthen international collaboration - sharing knowledge, experiences, and inspiration to build a more sustainable agricultural future for all.

*Ulan Eshmatov is the President of the Kyrgyz Agricultural, Science and Environmental Journalists Association*

about:blank 2/3

Найробидеги конгресстин соңунда КАИЭЖАнын башкармалык төрагасы-президенти Улан Эшматов IFAJнын баш катчысы, Айыл чарба журналистикасы боюнча глобалдык фонддун (GFAJ) түзүүчүлөрүнүн бири **Адриан Белл** (Adrian Bell, Британия) менен жолугуп, алар Борбор Азия аймагынын айыл чарбаны жазган журналисттеринин

конференциясын өткөрүүгө же кызматташтык платформасын түзүүгө кандай каржылык колдоо көргөзө аларына кызыкты.

Адриан Белл бул маселени IFAJга демөөрчү болгон эл аралык компаниялардын каржылык колдоосунун алкагында карoo мүмкүнчүлүгү бардыгын билдирди.

КАИЭЖА IFAJга Борбордук Азия аймагынан кошулган алгачкы журналисттик ассоциация болду.

КАИЭЖАнын башкармалык төрагасы-президенти Улан Эшматов 2025-жылдын 17-ноябрында Өзбекстан Республикасынын Айыл чарба министрлигинин басма сөз кызматынын жетекчиси Дилшодбек Назиров менен байланышып, Өзбекстандын айыл чарбаны чагылдырган журналисттери да ассоциация уюштуруусун сунуш кылды.

https://gov.uz/ru/agro/pages/matbuot-xizmati-aloqalari

КАИЭЖАнын анык мүчөсү, Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү ассоциациясынын коммуникациялар жана корпоративдик байланыштар боюнча адиси **Батма Искандарова** 2025-жылы төмөнкү эл аралык иш - чараларга катышты:

• Кытай Эл Республикасынын Үрүмчү шаарында өткөн **China Eurasia Expo** эл аралык көргөзмөсү. Көргөзмө алкагында агроөнөр жай, экспорт жана аймактык кызматташтык маселелери каралды.

• Казакстан Республикасынын Алматы шаарында өткөн **AgroWorld Kazakhstan** эл аралык айыл чарба көргөзмөсү. Иш-чарада заманбап агротехнологиялар, кайра иштетүү жана агробизнес маселелери талкууланды.

• **JICA** эл аралык программасы. «Жергиликтүү ресурстарды колдонуу менен продукцияны брендинг жана маркетинг кылуу» аталышындагы программа Жапониянын Нагоя шаарында өтүп, эл аралык тажрыйба алмашууга жана илимий-практикалык билимди тереңдетүүгө багытталды.

## 3.2. Илимий журналистика багыты

2025-жыл ичи КАИЭЖА Илим журналисттеринин дүйнөлүк федерациясы-WFSJ жана бул багыттагы аймактык жана улуттук ассоциациялар менен алгачкы байланыштарын орнотту.

КАИЭЖАнын башкармалык төрагасы-президенти **Улан Эшматов** WFSJнын президенти **Бен Дейтон** (Ben Deighton, Улуу Британия) менен электрондук кат алмашуу жүргүзүп, федерациянын 2025-жылдагы вице-президенти **Чхатра Карки** (Chhatra Karki, Непал) менен телефондон сүйлөштү.

КАИЭЖАнын баш катчысы **Заирбек Бактыбаев** Европа Биримдигинин илим журналисттеринин ассоциациясы – EUSJАнын президенти **Финтан Бёрк** (Fintan Burke, Ирландия) менен электрондук кат алмашуу жүргүздү.

2025-жылдын сентябрь айында EUSJАнын жаңылыктар бюллетенинде КАИЭЖА тууралуу маалымат жарыяланды.

https://www.eusja.org/wp-content/uploads/2025/10/EUSJA-Newsletter-Autumn-2025.pdf

## News in brief

**KAIEJA: Pioneering Science Journalism in Kyrgyzstan**
*Ulan Eshmatov*

The Kyrgyz Agricultural, Science and Environmental Journalists Association (KAIEJA) was founded in 2025 as a non-profit organization dedicated to advancing agricultural, science, and environmental journalism in Kyrgyzstan. It is the first association of its kind in the Central Asian region.
KAIEJA believes that accurate and well-informed journalism is essential for sustainable development, science-based decision-making, and raising public awareness.

A key initiative of KAIEJA members is EL ILIM, the first popular science online magazine in the Kyrgyz language. The platform is designed to make scientific knowledge accessible, engaging, and relevant for a wide audience, helping to cultivate interest in science across the country.

As pioneers in Kyrgyz science journalism, KAIEJA and its members aim to be part of the global science journalism community. They are seeking support in methodology and access to international scientific content to strengthen their

Looking ahead, KAIEJA envisions a future where quality education and accurate science communication empower Kyrgyz-speaking communities to take part in global discussions and innovations. Through international partnerships and collaboration, the association is determined to bring best practices, new opportunities, and meaningful progress to Kyrgyzstan's media and academic landscape.



КАИЭЖАнын башкармалык төрагасы -президенти Улан Эшматов жана башкатчысы Заирбек Бактыбаев Германиянын илим журналисттеринин ассоциациясы -WPKнын башкармалык мүчөсү **Астрид Вичиано** (Astrid Viciano) менен Zoom платформасы аркылуу видео сүйлөшүү өткөрүштү.

КАИЭЖАнын баш катчысы **Заирбек Бактыбаев** АКШнын илимий журналистика жана коммуникация боюнча уюмдарынын бири – Илимди жазууну өнүктүрүү кеңеши (CASW) жана Британиянын илим жазуучулары ассоциациясы - ABSW менен электрондук кат алмашуу жүргүзүп, бул уюмдун илимий журналистика боюнча онлайн вебинарына да катышты.

КАИЭЖАнын башкармалык төрагасы - президенти Улан Эшматов 2025-жылдын октябрь айында Кениянын Найроби шаарында жергиликтүү MESHA (Медиа айлана-чөйрө, илим, саламаттык сактоо жана айыл чарбасы үчүн) ассоциациясынын Башкармалык төрагасы **Бозо Женье Бозо** (Bozo Jenje Bozo), башкы катчысы **Аган Даниэл (Aghan Daniel)** менен жолугуп, илимий журналистиканын Африкадагы борбору катары аракеттенген бул бирикменин жана алардын Sayansi (Илим) журналынын иш тажрыйбасы тууралуу маалымат алды.

2025-жылы Илим журналисттеринин дүйнөлүк федерациясынын (WFSJ) конгрессинин уюштуруучусу болгон Түштүк Африканын илим журналисттеринин ассоциациясы - SASJA менен да электрондук кат алмашуу деңгээлинде байланыш болду.

Илим журналисттеринин улуттук ассоциациялары менен практикалык мааниси бар кызматташтыкка жетишүү жана бул ишке Кыргызстандын жаш журналисттерин тартуу- КАИЭЖАнын келечектеги иш максаты.

КАИЭЖА журналистика уюмдары менен байланыш орнотуу аркылуу эл аралык деңгээлде Кыргызстанды да таанытууда жана кесиптик стандарттарды өздөштүрүүдө.

Бул ассоциациянын институт катары өсүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтет.

## 4. Жыйынтык

КАИЭЖА 2025-жылы өзүнүн уставдык максаттарын аткарууга киришүү, журналисттик контент өндүрүү, коомчулук менен байланышты уюштуруу, кыргыз илимий журналистикасын түптөө жана эл аралык кесиптик байланыштарды куруу аркылуу Кыргыз Республикасында журналистиканын жаңы институту катары калыптана баштады.

Ассоциациянын иши маалыматтын сапатын жогорулатууга, илимий жана экологиялык темалар боюнча коомдук түшүнүктү кеңейтүүгө, ошондой эле кыргыз тилинин санариптик жана илимий контекстте өнүгүүсүнө салым кошот.